# Зордук–зомбулук




Сканировано с CamScanner

«Бекитемин»

Мектеп – лицейинин директору: /[signature]/

Сулайманов Ж.М.

## Зордук – зомбулуктун алдын алуу боюнча иш план

| № | Аткарылган иш план | Мөөнөтү | Жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1. | Зордук – зомбулукту алдын алуу боюнча окуу жылына иш план түзүү жана талкуулоо. | Сентябрь | Соцпедагог<br>Тарбия завуч |
| 2. | Окуучулар арасындагы тартипти көзөмөлдөө. | Жыл бою | Соцпедагог<br>Тарбия завуч<br>Класс жетекчи |
| 3. | Тартиби оор балдар менен иштөө. | Ай сайын | Соцпедагог<br>Тарбия завуч<br>Класс жетекчи |
| 4. | «Биз, зордук – зомбулукка каршыбыз!» деген темада тегерек стол. | Декабрь | Аялдар кеңеши<br>Соцпедагог<br>Тарбия завуч<br>Класс жетекчи |
| 5. | Каникул учурунда, күндүзгү, түнкү рейддерди уюштуруу. | Ай сайын | Соцпедагог<br>Тарбия завуч<br>Класс жетекчи |
| 6. | «180 күндүк зордук – зомбулукка каршы программасы». | Февраль | Айыл өкмөтү<br>ҮББД тобу<br>Соцпедагог<br>Тарбия завуч<br>Класс жетекчи |
| 7. | Ата – энелерди мыйзамдар менен тааныштыруу жана профилактикалык иш алып баруу. | Март | Соцпедагог<br>Тарбия завуч<br>Класс жетекчи |
| 8. | Мектеп – лицейинин окуучуларын ЖОИнин кызматкерлери менен тыгыз байланышта болуу. | Ай сайын | Соцпедагог<br>Тарбия завуч<br>Класс жетекчи<br>ЖИИнин кызматкери |
| 9. | Каникул учурунда тартиби оор балдарды көзөмөлдөө. | Жыл бою | Соцпедагог<br>Тарбия завуч<br>Класс жетекчи<br>ЖИИнин кызматкери |

Сканировано с CamScanner

Х. Жээнбаев атындагы мектеп-лицейинин зордук зомбулукту алдын алуунун жана ар кандай иш-чаралар боюнча маалымат

| № | Индикатор | саны | жыйынтык |
|---|---|---|---|
| 1 | Зордук- зомбулук боюнча иш-чаралар | 3 | 2019-2020- окуу жылында 5 жолу зордук зомбулук боюнча кыздар арасында, балдар арасында, жалпы балдардын ата-энелер арасында, мугалимдер менен тегерек столдор, чогулуштар, класстык сааттар, тушундуру иштери жургузулду. |
| 2 | Канча рейд жургузулду,рейдде болгон жыйынтык | 20 | Мектеп ичинде учетто турган балдардын уйуно , ата-энеси чет мамлекетте жургон, турмуш шарты оор, мумкунчулугу чектелген жана айрым окуучулардын жана ата-энелердин , опекундардын уйлоруно кундузгу, тунку рейддер мектеп администрациясы, соцпедагог, класс жетекчилер менен чогуу жургузулуп жатат. |
| 3 | Аз камсыз болгон уй-булодогу окуучулардын саны аларга карата коргоо иш-чаралар | 12<br>(К) 5<br>(Э ) 7 | Бостери айыл-окмоту, мугалимдер жамааты, демоорчулор менен биргелешип бул балдарга куртка, бутуна отук, кофталар, канцтоварлар жана жаны жылдык белектер таратылып турат. Бостери айыл окмотунун социалдык кызматкерлери менен соцпедагог болуп уйлоруно барып турмуш шарттары менен таанышылып жана жардамдар берилип турат |
| 4 | Мигранттар | 71<br>(К) 42<br>(Б)29<br>Ички миг 6<br>(К) 4<br>(Э) 2 | 2019-2020-окуу жылында мигранттардын балдарынын опекундары менен айыл-окмоту, жана социалдык кызматкерлер, аялдар торайымы, аксакалдардын торагасы, ЖОИнин кызматкерлери, мектеп администрациясы, соцпедагог, тарбия завуч, класс жетекчилер менен чогулуштар, тегерек столдор, рейддер жургузулудо. |

Сканировано с CamScanner







Сканировано с CamScanner







Сканировано с CamScanner

## Х. Жээнбаев атындагы мектеп лицейинин класс жетекчилер жана окуучулар менен биргеликте өткөрүлгөн “Биз зордук – зомбулукка каршыбыз!” деген тегерек столунун сценарийи

**Бостери айылы**

**Катышуучулар:**

1. Бостери а\ө аялдар кеңешинин төрайымы Чылпакова Б.Ч.
2. Бостери а\ө соцкызматкери Усубалиева В.Ж.
3. Бостери а\ө статист кызматкери Тажыканов Б.А.
4. Бостери айылынын тургуну, ардагер мугалим Асанова З.А.
5. Бостери айылынын ҮБДТнун даарыгери Касымбекова Д.К.
6. “Ажарлар апалар” тобу.
7. Бостери а\ө жергиликтүү кеңешинин депутат айым
8. Т. Атаев атындагы орто мектебинин соцпедагогу Шаршеналиева А.
9. Академик А. Мамытов атындагы мектеп – гимназиянын соцпедагогу Мамбетов Э.
10. Х. Жээнбаев атындагы мектеп – лицейинин соцпедагогу Молдоева Г.Б.
11. Х. Жээнбаев атындагы мектеп – лицейинин тарбия завучу Мамбетбаев М.Б.
12. Х. Жээнбаев атындагы мектеп – лицейинин мугалимдер жааматы
13. 8 – 11 – класстарынын окуучу кыздары.

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. Доклад “Зордук – зомбулукка каршы 16 күн”.
2. “Аялдарга болгон зордук – зомбулукка коомчулуктун мамилеси». Видео – ролик.
3. «Бүгүнкү наристелер, эртеңки эжекелер, көз ирмемде эртеңки энекелер”. Сценка.
4. “Кыргыз элинин улуттук баалуулуктары менен жаш муундарды кантип тарбиялоо керек” – суроо – жооп – талкуу.
5. “Р.И. Отунбаеванын музейдеги иш чарасындагы көрүнүш сизге кандай таасир калтырды?” – суроо – жооп – талкуу.

**Тегерек столдун жүрүшү:**

**1. Тегерек столдун ачылышы.** (КР Гимни).

**2. Сөз Х. Жээнбаев атындагы мектеп – лицейинин соцпедагогу Молдоева Г.Б.**

“Саламатсыздарбы, кымбаттуу тегерек столдун коноктору, апалар, эжелер, кыздар!!! Күнүгө ар түрдүү иш чаралар өтүүдө. Мисалы бүгүн райондогу баардык мектептердин соц педагогдоруна «Зордук зомбулукка каршыбыз» аттуу талкуу өтүп жатат. Бул талкууда зомбулуктун түрлөрү, зомбулуктун кантип алдын алабыз, канткенде балдарды коргой алабыз деген суроолордун айланасында талкуу болот. Бүгүнкү иш чарабыз Зомбулукка каршы 16 күндүк акциясынын алкагында өтөт.

Сканировано с CamScanner

Бул иш чаранын алкагында келгендерге «Зомбулуксуз үй-бүлө», «Кыздар сак болгула», «Эрте жашта турмуш куруу» деген таркатмаларды таркатылат. "Зордук – зомбулукка каршы 16 күн" деген темада доклад окуду. "...Үй – бүлөдөгү зордук – зомбулук маселеси социалдык оор жаракат катары Кыргызстанда, анын ичинде Бостери айылында эле эмес, дүйнө жүзүндө жашап келет. Кыргызстанда үй – бүлөдөгү зордук – зомбулуктун таралышы жогору бойдон калууда. 2019 - жылы 10 ай ичинде 5 185 үй – бүлөлүк зордук – зомбулук катталган..."

**Эне барда үйдө чексиз сүйүү бар,**

**Эне барда көктөм жаздын куту бар.**

**Эне силер түгөнбөгөн ырсыңар,**

**Эне силер айтып бүткүс дастансыңар!**

*** Доклад боюнча талкууга Х.Жээнбаев атындагы мектеп – лицейинин англис тили мугалими, кыздар кеңешинин төрайымы 10 "г" классынын жетекчиси Кудаярова А.М.** сөз сүйлөдү: " «Ар бир жараан тең укуктуу. Зордук зомбулуксуз жашоо, зомбулуксуз үй бүлө, деген аталышта 16 күндүк жарыяланып, ал буйруктун негизинде иш чаралар өтүүдө. Биздин мектепте ай сайын кыздар кеңешин өткөрүп, кыздар арасында эрте никеге туруу адамдардын укуктарын одоно бузуу болуп саналат жана жаш кыздардын билим алуудан, ден – соолугунан жана жаркын келечегинен ажыратат..."

*** Доклад боюнча талкууга Бостери айылынын ҮБДТнун даарыгери Касымбекова Д.К.** төмөнкүлөргө токтолду: Саламатсыздарбы, тегерек столдун катышуучулары, Кыргызстандын аялдары башка өлкөлөргө салыштырганда өтө эрте куракта бала төрөй башташат. 15 – 19 жаш курактагы 1000 аялга карата төрөлгөндөрдүн саны боюнча Кыргызстан 2 – орунда (Азербайжандан кийин).

Эмне үчүн 18 жашка чейинки никеге турууну эрте деп айтышат?

- Эрте – анткени, мектепти аяктоо керек
- Эрте – анткени, кесипке ээ болуу керек
- Эрте – анткени, организм эне болууга даяр эмес

***Талкуу. Бостери а\ө аялдар кеңешинин төрайымы Чылпакова Б.Ч.** "Саламатсыздарбы, тегерек столдун катышуучулары, кыздарга кайрылгым келет. Ооба, бүгүнкү күндө заман өнүккөн сайын жашообуз да оңолуп, Кыргызстанда ар бир кыргыз жаранынын колунда кымбат телефондор, гаджиттер, ар бир үйдө Интернет булагы. Ар бир нерсенин жакшы жана жаман жагы болорун эске алсак деп ойлойм. Телефон, Интертеттерди керектүү нерсеге колдонуп, кыргыздын менталитетине жакпаган нерселерди кылбагыла..." Музейдеги иш чарасындагы көрүнүш сизге кандай таасир калтырды?» деген суроого кыргыз элине жакпаган, андай көрүнүштөр биздин жашообузда жат нерсе болот. Ар бир элдин өзүнүн салт – санаасы, каадасы болот. Кылымдар бою улуу ыйман, бийик урмат менен жашап келген элбиз..."

**Аяздуу бороондо күндөй жаркып,**

**Ак карлуу айсыз түндө оттой жанып.**

**Адамга арка – жөлөк болосуңар,**

**Ааламда кыздар кымбат, кыздар артык!**

Сканировано с CamScanner

***Талкуу.** **Бостери айылынын тургуну, ардагер мугалими Асанова З.А.** "Кымбаттуу эжейлер, коноктор, зордук – зомбулук СССРдин учурунда жашыруун болчу. Окуучу кыздардын мектепти бүтүрбөй турмушка чыгып кетиши ал мезгилде оор кылмыш катары кабыл алынуучу. Ата – эне катуу жооп берчү.

Китеп окугула, телефон, интернет менен дос болбогула!

**Кыздар – кыздар, деги силер кимсиңер?**

**Каткан жерди жибитет илебиңер,**

**Тонгон музду эритип ак жүзүңөр,**

**Күндүн оту, Ай нуру перисиңер.**

*** Талкуу. "Кыргыз элинин улуттук баалуулуктары менен жаш муундарды кантип тарбиялоо керек?"** Суроо – жооп – талкуу.

**Сөз. "Ажарлуу айымдар" тобунун мүчөсү кыргыз тили жана адабияты мугалими Масадыкова Ч.Н.** "Кызга кырк үйдөн тыйуу" демекчи кыргыз элинин баалууктарынын негизинде тарбия алуу керек. «Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат» дейт эл макалы. Уя – бул үй-бүлө. Үй-бүлөдө алган көнүмүш, таалим-тарбия баланын жан-жаратылышына өчпөс тамга болуп басылып, аны өмүр бою коштоп жүрүп отурат. Ошол үчүн кыргызда «Сүт менен кошо бүткөн нерсе сөөк менен кошо кетет», «Бала көргөнүн кылат, көсөө түрткөнүн кылат», «Баланы башынан үйрөт, чырпыкты жашынан ий», «Баланы жакшылыкка жетелеп жанаштыр, жамандыктан кубалап адаштыр» деген даанышман макалдар жашайт...»

4. **Видео – ролик.** «Аялдарга болгон зордук – зомбулукка коомчулуктун болгон мамилеси" (6 мин). " зордук – зомбулуктун түрлөрү" (3 мин)

***Талкуу. Бостери а\ө жергиликтүү кеңешинин депутаты** "Саламатсыздарбы, урматтуу иш чаранын катышуучулары, Р. Отунбаеванын иш чарасы кыргыз элинин маданиятына, менталитетине туура келбей турган иш деп ойлойм. Видео – роликтеги каарман – кыздардын тагдырлары аянычтуу экен. Кымбаттуу кыздар, биздин турмушубуз өзүбүздүн колубузда. Тагдырыбызды да өзүбүз түзүп оңдоп алуу өзүбүздүн колубузда..."

***Талкуу. Х.Жээнбаев атындагы мектеп – лицейинин англис тили мугалими, 8 "д" классынын жетекчиси Молдошова И.А.** "Аял – эне – кыздарды мен Ысык – Көлгө салыштырам, Ысык – Көл – бул биздин касиеттүү кенчибиз. Кыздар, жалпы катышуучуларга кайрылгым келет, көлдөй тунук, таза көтөрүмдүү бололу. Ал эми Роза Отунбаеванын жоругу жолдо калсын. Андай болгон негитивдүү нерселер бат эл ичине таралып, бат өчөт. Ал эми кылымдардан бери келе жаткан кыргыз элинин баалуулуктарын кантип унутабыз. Ошондуктан биз аялзаты жана кыздар таза бололук, коомдогу негизги ордубузду билип жүрөлү.

**От жокто, от болуп күйөсүңөр,**

**Аш жокто аш болуп бересиңер.**

**Асыл жар, асылкеч аял болуп,**

**Ак келин, адилет энесиңер!**

Сканировано с CamScanner

**4. Апаларга ыр десте. "Апакем"** аткаруучу 5 "г" классынын окуучусу Турдубеков Албан.

**5. "Көчмөндөр бийи"** аткаруучулар 7 "а" классынын окуучу кыздары.

**6. "Бүгүнкү наристелер, эртеңки эжекелер, көз ирмемде эртеңки энекелер"** деген темада 9 "г" классынын окуучулары даярдаган сценкага көңүл бурулду. (кыскача түшүндүрмө берсек: эки кичинекей кыздын тагдыры, бала бакча – мектеп – ЖОЖ - турмуш куруу курагы...)

*** Талкулоо. Бостери а\ө соцкызматкери Усубалиева В.Ж.** "Бүгүнкү тегерек столду уюштургандарга терең ыраазычылык билдиргим келет. Себеби, баардык жагынан төп келеген табиясы күчтүү, аябай чоң сабак болду деп ойлойм. Кыздар менен кеп – кеңеш курдук, апалардын улуттук кийимдерин көрдүк. Бул иш чара максатына жетти го деп ойлойм".

*** Талкулоо. Т. Атаев атындагы орто мектебинин соцпедагогу Шаршеналиева А.** "Бүгүнкү күн аябай таасирлүү күн болуп жатат. "Уядан эмнени көрсө – учканда ошону алат" демекчи, мен чын жүрөктөн ыраазычылыкты ушул мектептин соцпедагогу Молдоева Г.Б. айткым келет.

**Маңдайынан эркелетип сүйөөргө,**

**Ар бир үйдө болсун камкор аталар!**

**Эркелетип мээрим төгүп дайыма,**

**Аман болсун, бар болушсун мээрман апалар!**

**6. Кыргыз күү. "Ак тамак жана Көк тамак".** атк. 10 "г" кл. окуучусу Тилек.

**7. Ыр десте. "Ысык – Көлдү сагынуу".** Сөзү: Ч. Айтматовдуку, обону М. Бегалиевдики аткаруучу 6 "б" кл. окуучусу Адинай.

**8. Тегерек столдун жабылышы.** (КР Гимни).




Сканировано с CamScanner